Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги

М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин

сапат менеджмент системасын уюштуруунун

СТАНДАРТЫ

Документтештирүү жол-жобосу

---

Мамлекеттик жана расмий тилдер кафедрасы

---

СТУДЕНТТЕРДИ ОКУТУУ ПРОГРАММАСЫНЫН СИЛЛАБУСУ

Кыргыз тили жана адабияты

---

(дисциплинанын аталышы)

____________________________________________ адистиги үчүн

(адистиктин аталышы, шифри)

Окуунун түрү: Күндүзгү

Бардыгы ____ кредит

Курсу _______

Семестри _____________

Текшерүү иштеринин саны (РК) _______

СӨИ _________ саат

Бардык аудиториялык саат ____________

Бардык аудиториядан сырткаркы саат ________

Жалпы эмгек көлөмү ___________ саат

Бишкек 2020

эмненин негизинде даярдалган

Аты-жөнү, кызмат абалы, наамы

“___” _____________ 20___ж    Протокол № _____

Кафедра башчысы ____________________ Жапаралиева Н.Ж.

*Наименование дисциплины и код*:

| Лектор | Абдраимов Каныбек Акинович |
|---|---|
| Байланыш маалыматтары: | 0773007931, 0700208855 |
| Кредиттин саны: | |
| Датасы: | 2020-2021-окуу жылы I жарым жылдык |
| Сабактын максаты жана милдеттери | Кыргыз тили жана адабияты башка окуу предметтери сыяктуу студенттердин дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат, ошондой эле турмушта инсан катары өз алдынча калыптанууга жардам берет. Студенттердин кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча таалим-тарбия алышы, аны практикада колдоно билиши, кыргыз тилин окутуунун максатын аныктайт. Окутуу процессиндеги жогоруда аныкталган максаттар 4 компоненттин негизинде ишке ашырылат:<br>1. Билим берүүчүлүк компоненттин максаты – лингвистикалык жана филологиялык илимдин негиздерин таанып-билүү аркылуу студенттердин ой таанымын кеңейтүү жана кыргыз элинин сүйлөө маданиятын терең өздөштүрүүгө жетишүү.<br>2. Өркүндөтүүчүлүк компоненттин максаты – кыргыз тили боюнча өздөштүргөн билимин андан ары тереңдетип өнүктүрүү, тил табиятына жана көркөм сөз өнөрүнө болгон кызыгуусун арттыруу.<br>3. Тарбиялык компоненттин максаты – кыргыз элинин көркөм сөз өнөрүнүн бай казынасы менен тааныштыруу, аларды элдик каада-салтын, үрп-адатын адеп-ахлагын, коомчулук алдындагы адамдык парзын адабий тексттерде көркөм берилиши аркылуу элдик рухий дүйнөнү таанытуу, улуттук аң сезимин өнүктүрүү.<br>4. Практикалык компоненттин максаты – кыргыз тилинин практикалык курсу жана сүйлөшүү, жазуу ишмердүүлүгү боюнча алган билгичтиктерин, көндүмдөрүн, баалуулуктарын турмуштун ар түрдүү кырдаалдарында колдоно билүү.<br>Ал эми кыргыз тилин үйрөтүүдөгү негизги максаттар төмөндөгүдөй милдеттердин ишке ашырылышын көздөйт.<br>1. Турмуштук кырдаалдар боюнча сүйлөшө турган жана окула турган тексттердин тематикаларын аныктоо;<br>2. Тилдик материалдардын курулуш каражаттарын (фонетикалык, лексикалык, грамматикалык) аныктоо;<br>3. Билим берүүнүн гумандаштыруу процессине басым жасоо.<br>4. 4Мурдагыдай маалыматтык “билимдик” мамилеге эмес, өнүктүрүүчү жана ишмер мамилеге басым жасоо.<br>5. Билим алууга жоопкерчиликтүү, аң-сезимдүү мамиле жасаган социалдык жактан активдүү инсанды тарбиялоого багыт берүү. |
| Курстун баяндалышы | Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасы мамлекеттик тилди өнүктүрүү, мамлекеттик тилдин улуттук программасын ишке ашыруу максатында жана кыргыз адабиятына салым кошкон, уюткусун түзгөн көчмөн цивилизациянын даанышмандарын, белгилүү жазуучуларыбыздын өмүрү, чыгармачылыгын үйрөтүү менен студенттердин адабиятка, маданиятка болгон ой таанымын кеңейтүү иретинде окутулат. Кыргыз тили мамлекеттик тил катары билим берүү мекемелеринин бардык түрлөрүндө, багыттарында окутулуп, үйрөтүлүп келүүдө. Мамлекеттик тилди үйрөнүүгө жардамдашуу, үйрөнүлүп жаткан тилди алып жүрүүчү элдин этномаданияты, адабияты менен тереңирээк тааныштырууда тексттер жөнөкөй, түшүнүктүү жана тил үйрөнүүгө ылайыктуу болгону ийги.<br>Кыргыз тили жана адабият сабагын үйрөтүүдө төмөнкү жагдайларга көңүл буруубуз абзел.<br>- Кыргыз тили менен адабиятты интеграциялап окутуу;<br>- Тил аркылуу дил таанытуу;<br>- Кыргыз тили жана адабияты сабагындагы сөздүк жумуштарын аткаруу болуп саналат.<br>Окутуучу тарабынан аларга тапшырмалар берилет, тапшырмалардын, модулдардын негизинде жыйынтык чыгарылат. |
| Сабакка чейинки пререквизиттери | Студенттердин мурда алган билимдерин өркүндөтүү.<br>Сабак аралык байланыштар |

| | |
|---|---|
| Сабактан кийинки постреквизиттери | Кырдаалга жараша сүйлөшүүгө үйрөнөт. Текстке фактологиялык жана концептуалдык суроолорду түзүү жөндөмү өсөт. Тилдик көнүгүүлөр аркылуу туура сүйлөө кебин жана жазуусун калыптандырат. Этномаданий лексикаларды өздөштүрөт.<br>Адисттик лексикаларды өздөштүрөт. Чыгармаларды талдоо аркылуу көз карашы калыптанат |
| Күтүлүүчү компетенциялар | Кыргыз тили жана адабиятын үйрөнүүгө аң-сезимдүү жана атуулдук мамиле жасаган жигердүү инсандарды тарбиялоо. Тил – элдин рухий байлыгы, сыймыгы, кечээки тарыхы, бүгүнкү жашоосу, эртеңки келечеги экендигине багыттоо. Өзүнүн мекени менен сыймыктанып, тарыхый баалуулуктарды баалай билүүсү, элибиздин каада-салтынын тарбиялык маанисин, ата-бабалар калтырган осуяттардын негизинде салтты билүүсү; Көркөм окуу жөндөмдүүлүгү артып, тили жатыгып, оозеки сөз байлыгы байып аларды айтып, колдоно билүүсү; Мамлекеттик тилдин маанисин жана орду жөнүндө түшүнүп, ой пикирин турмушунда колдоно билүүсү, мекенибиздин атагын чыгарган белгилүү инсандарды ажырата билүү, алар жөнүндө маалымат топтоо жөндөмүн колдоно билүүсү. |
| Курстун саясаты | Кыргыз тили жана адабияты башка окуу предметтери сыяктуу студенттердин дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат жана турмушта инсан катары өз алдынча калыптанууга жардам берет. Эң негизгиси улут катары сакталыш үчүн кыргыз тили жана адабияты курсун тийиштүү түрдө окутуу мамлекетибиздин жана билим берүү системасынын өзөгү экенин унутпашыбыз керек. |
| Окутуунун методу | Текст менен өз алдынча жана жуп менен иштөө; БББ, синквейн, даймонд, ротация ж.б. ыкмалары, глоссарий, диалог түзүү; интервью алуу, ММК менен иштеше билүү; кырдаал боюнча сүйлөшүү көнүгүүлөр; темага байланыштуу ыр, табышмак, макал-лакаптарды жатка айтуу; кыргыз адабият майданындагы белгилүү акын-жазуучуларыбыздын өмүрү, чыгармачылыгын билүүдө ылайыктуу методдорду колдонуу, тарыхый жерлерге, музейлерге саякатка чыгуу. |
| Билимин текшерүүнүн формасы | Жазуу жана оозеки формасында<br>- модулдук тапшырмалар<br>- тесттер<br>- дил баян, эссе<br>- жеке жана топ менен чыгармачылык иштер<br>- көркөм окуу<br>- ар бир кезектеги көзөмөл, жыйынтыктоочу жазуу, текшерүү иштери<br>- |
| Адабияттар | ***Негизги адабияттар:***<br>1. Адылова Б.К., Алиясова Г.Ж. Кыргыз тил. Б., 1-бөлүк, 2010-ж, 2-бөлүк, 2016-ж<br>2. Ашырбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы –Б., 2001-ж<br>3. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили –Б., 1996-ж<br>4. Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги –Б., 2010-ж<br>5. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы –Б. 2002-ж<br>6. Кыргыз орфографиясынын эрежелери. –Б., 2008-ж<br>7. Токтоналиев К. Кыргыз тили. –Б., 1996-ж<br>8. Тургамбаева А.С., Усекова А.А. Кыргыз тили –Б., 2004-ж<br>***Кошумча адабияттар:***<br>1. А.Акматалиев. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-3т. –Б., 1999-ж<br>2. Абылкасымова Р., Атышов К., ж.б. Экономика. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б.; 2003-ж<br>3. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. –Б, 2000-ж<br>4. Асанканов А., Кыргыз тарыхы –Б., 2006-ж<br>5. АшырбаевТ., Ахматов Т. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. –Б., 2005-ж<br>6. Жусупов К. Кыргыздардын байыркы маданияты. –Б., 2006-ж<br>7. Ибраев Э. Тандалган чыгармалар –Б, 1999-ж<br>8. Карасаев Х.К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. –Б., 2009-ж<br>9. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. –Б., 2002-ж<br>10. Кыргыз жергеси энциклопедиясы. –Ф., 1990-ж<br>11. Кыргыз көркөм адабиятынын сериясы. 30-т. –Б., 2000-ж<br>12. Кыргыз Республикасынын экономикасы. Котор. Мамажанов А, Рахманкулов К. –Б., КТМУ, 2007-ж<br>13. Кыргыз энциклопедиясы –Б., 2000-ж |
| СӨИ | |
| Кошумча түшүнүк | КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 27-ноябрындагы №1455/1 буйругунун негизинде Жогорку профессионалдык билим берүүнүн Мамлекеттик стандартына "Кыргыз тили жана адабияты" деп өзгөртүү киргизилгендигине байланыштуу силлабуска да өзгөртүүлөр киргизилди. |

**Календардык-тематикалык план**

(темалардын жумага саат менен көрсөтүлүшү)

| № | Датасы | Темасы | Сааттын саны | Адабияттар | Модуль боюнча суроолор |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | Кыргыз жазуусунун тарыхы. Кыргыз тилинин башка тилдерден айырмаланган өзгөчөлүгү. Көчмөн кыргыз цивилизациясы | 2 | **Негизги адабияттар**: А.С.Тургамбаева, А.А.Усекова. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Алиясова Г.Д, Адылова Б.К. Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар. Б. 2010. Жусаев Ж, А.Карабекова.<br><br>**Кошумча адабияттар:** Кыргыз тили (Учебник для русских групп вузов страны) Б. 2000. Дыйканов Ч.К, Сулайманова Л. Кыргыз тилин үйрөнөбүз. Учебник. Б. Фонд Сорос-Кыргызстан. 1997. Кыргыз тили (жогорку окуу жайларынын улантуучу топтору үчүн). К.А.Биялиев. Кыргыз тили. (жогорку окуу жайларынын башка улуттардын студенттери үчүн окуу китеби). Б. 2002. | Саясат менен Ч.Айтматовдун чыгармаларын байланыштырууга болобу? |
| 2 | | Мекеним – Кыргызстан. Фонетика. Тыбыш жана тамга. Үндүү тыбыштардын бөлүнүшү. Сингармонизм закону. Элдик оозеки чыгармачылык | 2 | | Туруктуу сөз айкаштарын Ч.Айтматовдун чыгармаларынан табууга болобу? |
| 3 | | Кыргыз Республикасынын символикалары. КРнын Гимни, Туусу, Герби, Конституциясы. Үнсүз тыбыштардын бөлүнүшү. Кенже эпостор: “Эр Төштүк”, “Кожожаш” эпостору | 2 | | Ч.Айтматовдун аталган романдарында кездешкен ээрчишүү, ыкташуу байланыштарын табуу |
| 4 | | Баласагын шаары. Бурана мунарасы. Басым, муун жана интонация. Орто кылымдардагы адабий мурастар Ж.Баласагындын чыгармачылыгы | 2 | С.Үсөналиев, С.Иманалиев. Кыргыз тилинин справочниги. Б. 2000. К.Т.Токтоналиев. Кыргыз тили. Б. 1996. А.Жалилов. Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк. Б. 1996. Э.Абдулдаев, С.Давлетов, А.Иманов, А.Турсунов. Кыргыз тили. Ф. 1986. Ч.Айтматов. Тоолор кулаганда (Кызкайып). Б. 2011. | Ч.Айтматовдун “Тоолор кулаганда” романында кездешкен башкаруу, таандык байланыштары |
| 5 | | Кыргызстандагы ыйык жерлер. Жөнөкөй жана татаал сөздөр (кош, кошмок, кыскартылган сөздөр). Махмуд Кашкаринин өмүрү чыгармачылыгы | 2 | С.Үсөналиев, С.Иманалиев. Кыргыз тилинин справочниги. Б. 2000. К.Т.Токтоналиев. Кыргыз тили. Б. 1996.А.Жалилов. Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк. Б. 1996. Э.Абдулдаев, С.Давлетов, А.Иманов, А.Турсунов. Кыргыз тили. Ф. 1986. К.Артыкбаев. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Б. 2004. | Сүйлөмдүн табиятын түшүндүрүүдө, кино жана Ш.Бейшеналиевдин чыгармачылыгы боюнча тексттерди пайдалануу |
| 6 | | Көчмөн кыргыздардын турак жайы – боз үй. Лексика. Лексиканын баюу жолдору. Уламышка айланган акындар. Асан Кайгы, Кет Буканын чыгармачылыгы | 2 | С.Үсөналиев, С.Иманалиев. Кыргыз тилинин справочниги. Б. 2000. К.Т.Токтоналиев. Кыргыз тили. Б. 1996. А.Жалилов. Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк. Б. 1996. Э.Абдулдаев, С.Давлетов, А.Иманов, А.Турсунов. Кыргыз тили. Ф. 1986. К.Артыкбаев. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Б. 2004. К.Иманалиев. Кыргыз совет адабияты. 2-бөлүк. Ф. 1990. | Жөнөкөй сүйлөм жана анын түрлөрүн өтүүдө, заманбап тасмалар жана К.Жантөшевдин “Каныбек” романынын текстерин пайдаланып өтүү |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 7 | | Кыргыз элиндеги салт-санаа, ырым-жырым жана алардын мааниси. Синонимдер, антонимдер, омонимдер. Замана акындары. Калыгул “Акыр заман”, Арстанбек “Тар заман” чыгармалары | 2 | С.Үсөналиев, С.Иманалиев. Кыргыз тилинин справочниги. Б. 2000. К.Т.Токтоналиев. Кыргыз тили. Б. 1996. А.Жалилов. Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк. Б. 1996. Э.Абдулдаев, С.Давлетов, А.Иманов, А.Турсунов. Кыргыз тили. Ф. 1986. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7-том. Б. 2012 | Б.Сарногоевдин чыгармаларына музыка жазылганбы? |
| 8 | | Улуттук тамак-аштар. Фразеологизмдер. Фразеологиялык ширешме. Эл ырчылары: Б.Алыкуловдун сүйүү лирикалары | 2 | С.Үсөналиев, С.Иманалиев. Кыргыз тилинин справочниги. Б. 2000. К.Т.Токтоналиев. Кыргыз тили. Б. 1996. А.Жалилов. Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк. Б. 1996. Э.Абдулдаев, С.Давлетов, А.Иманов, А.Турсунов. Кыргыз тили. Ф. 1986. К.Артыкбаев. 20-кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Б. 2004. | Р.Шүкүрбековдун ырларынан талдоо |
| 9 | | Улуттук кийимдер, ак калпак кыргыздын сыймыгы. Элечек, шөкүлө. Диалектизмдер. Эл ырчылары. Жеңижок “Аккан суу”, “Жалгыз тал”. | 2 | С.Үсөналиев, С.Иманалиев. Кыргыз тилинин справочниги. Б. 2000. К.Т.Токтоналиев. Кыргыз тили. Б. 1996. А.Жалилов. Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк. Б. 1996. Э.Абдулдаев, С.Давлетов, А.Иманов, А.Турсунов. Кыргыз тили. Ф. 1986. К.Артыкбаев. 20-кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Б. 2004. | Театрга барып эс алуу бүгүнкү күндө актуалдуубу? |
| 10 | | Улуттук оюндардын турмуштагы мааниси. Күрөш, ат чабыш, кыз куумай, эр эңиш ж.б. Сөз түркүмдөрүнүн бөлүнүшү. Т.Сатылгановдун өмүрү чыгармачылыгы | 2 | С.Үсөналиев, С.Иманалиев. Кыргыз тилинин справочниги. Б. 2000. К.Т.Токтоналиев. Кыргыз тили. Б. 1996. А.Жалилов. Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк. Б. 1996. Э.Абдулдаев, С.Давлетов, А.Иманов, А.Турсунов. Кыргыз тили. Ф. 1986. Сыдыкова Р. 20-кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы (40-80-жж). Б. 2013 | С.Жусуевдин чыгармалары театрлаштырылганбы? |
| 11 | | Бата ырлары, алардын түрлөрү. Батадагы каалоо тилектер. Зат атооч. Энчилүү жана жалпы зат атоочтор. 19-20-кылымдардагы кыргыз кол жазма адабияты. Жазгыч акындар. Т.Молдонун “Кемчонтой” поэмасы | 2 | С.Үсөналиев, С.Иманалиев. Кыргыз тилинин справочниги. Б. 2000. К.Т.Токтоналиев. Кыргыз тили. Б. 1996. А.Жалилов. Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк. Б. 1996. Э.Абдулдаев, С.Давлетов, А.Иманов, А.Турсунов. Кыргыз тили. Ф. 1986. | Жогоруда көрсөтүлгөн чыгарманы тилдик тема менен байланыштуу талдоо |
| 12 | | Кыргыз элиндеги кол өнөрчүлүк. Кыргыз тилиндеги жөндөмөлөр. Молдо Кылыч “Чүй баяны” поэмасы | 2 | С.Үсөналиев, С.Иманалиев. Кыргыз тилинин справочниги. Б. 2000. К.Т.Токтоналиев. Кыргыз тили. Б. 1996. А.Жалилов. Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк. Б. 1996. Э.Абдулдаев, С.Давлетов, А.Иманов, А.Турсунов. Кыргыз тили. Ф. 1986. К.Иманалиев. Кыргыз совет адабияты. 2-бөлүк. Ф. 1990. | Урукуянын тарый инсан ктары бейнесин ачуу менен тилдик темага байланыштыруу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 13 | | Кыргызстандын жаратылышы. Сын атооч. Сапаттык, катыштык сын атоочтор. И.Арабаев кыргыз алиппеси | 2 | С.Үсөналиев, С.Иманалиев. Кыргыз тилинин справочниги. Б. 2000. К.Т.Токтоналиев. Кыргыз тили. Б. 1996. А.Жалилов. Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк. Б. 1996. Э.Абдулдаев, С.Давлетов, А.Иманов, А.Турсунов. Кыргыз тили. Ф. 1986. К.Артыкбаев. 20-кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Б. 2004. | Т.Абдымомуновдун драмаларын тааныштыруу жана театрга алып барып студенттерге көргөзүү |
| 14 | | Кыргыз элинин адамдарга берген сын-сыпаттоосу. Сын атоочтун даражалары. Кыргыз профессионал адабияты. К.Тыныстанов "Жаңыл Мырза" поэмасы | 2 | С.Үсөналиев, С.Иманалиев. Кыргыз тилинин справочниги. Б. 2000. К.Т.Токтоналиев. Кыргыз тили. Б. 1996. А.Жалилов. Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк. Б. 1996. Э.Абдулдаев, С.Давлетов, А.Иманов, А.Турсунов. Кыргыз тили. Ф. 1986. К.Артыкбаев. 20-кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Б. 2004. | Ж.Садыковдун кайсы чыгармаларын театрдан көрүүгө болот |
| 15 | | Жыйынтыктоо сабагы | 2 | С.Үсөналиев, С.Иманалиев. Кыргыз тилинин справочниги. Б. 2000. К.Т.Токтоналиев. Кыргыз тили. Б. 1996. А.Жалилов. Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк. Б. 1996. Э.Абдулдаев, С.Давлетов, А.Иманов, А.Турсунов. Кыргыз тили. Ф. 1986. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7-том. Б. 2012. | Драманын маанисине түшүнүп, тилдик теманын байланыштуулугуна токтолуу |
| | | **Бардыгы** | **30** | | |

## Студенттердин өз алдынча иштеринин графиги

| № | Жума Айлары | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллдын суммасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | октябрь | | | | ноябрь | | | | | | декабрь | | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | | | | | | | | | | | | | | | | 40 балл |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | | | | | | | | | | | | | | | | |

| № | Жума Айлары | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллдын суммасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | апрель | | | | май | | | | | | июнь | | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | | | | | | | | | | | | | | | | |




СӨИ – студенттин өз алдынча иши

*Кошумча түшүнүк:* Кезектеги жана жыйынтыктоочу көзөмөлдү өткөрүүнүн графиги Окуу бөлүмү тарабынан бектилет.

М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети

Мамлекеттик жана расмий тилдер кафедрасы

*Курстун аталышы: Кыргыз тили жана адабияты*
*Топтору:ФК-2-20, УБ-1-20, БУу-3-20, БУу-4-20*
*Окуу мөөнөтү:1 семестр*
*Бардыгы практикалык: саат*
*Окутуучу:Абдраимов К.А*
*Офис: Мамлекеттик жана расмий тилдер кафедрасы*
*( - дарсканалар)*
*Өз алдынча иштөө: – дарскана*
*Кафедра телефону: 32-56-02*

***Курстун максаты:***

Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасы мамлекеттик тилди өнүктүрүү, мамлекеттик тилдин улуттук программасын ишке ашыруу максатында жана кыргыз адабиятына салым кошкон, уюткусун түзгөн көчмөн цивилизациянын даанышмандарын, белгилүү жазуучуларыбыздын өмүрү, чыгармачылыгын үйрөтүү менен студенттердин адабиятка, маданиятка болгон ой таанымын кеңейтүү максатында окутулат. Негизги максат студенттердин байланыштуу кебин өстүрүү, кыргыз элинин салтын, маданиятын үйрөтүү.

Республикабыз эгемендүүлүк алып, эркин, демократиялык – укуктук мамлекетти куруу багытына бет алып, аны ишке ашырып жатканына көп жылдын жүзү болуп калды. Эгемен өз алдынча мамлекеттин атрибуту катары – түпкүлүктүү элдин тилине расмий түрдө мамлекеттик тил статусу берилгенине да ушунча убакыт болду. Кыргыз тили мамлекеттик тил катары билим берүү мекемелеринин бардык тип – түрлөрүндө, багыттарында оош-кыйыш, оор кыйын болсо да окутулуп, үйрөтүлүп келүүдө.

Мамлекеттик тилди үйрөнүүгө жардамдашуу, үйрөнүлүп жаткан тилди алып жүрүүчү элдин этномаданияты, адабияты менен тереңирээк тааныштыруу, андыктан да, тексттер жөнөкөй, түшүнүктүү жана тил үйрөнүүгө ылайыктуу болгону ийги.

Кыргыз тил жана адабият сабагын үйрөтүүдө төмөнкү жагдайларга көңүл буруубуз абзел.

- Мамлекеттик тилде окутуу жүргүзүлгөн топторго кыргыз тилин окутуунун өзгөчөлүктөрү;
- Кыргыз тили менен адабиятты интеграциялап окутуу;
- Мамлекеттик тилди окутуу аркылуу этнолингвистикалык, этномаданий билим берүүнүн жолдору;
- Тил аркылуу дил таанышуу;
- Кыргыз тили жана адабияты сабагындагы сөздүк жумуштарын аткаруу болуп саналат.

Окутуучу тарабынан аларга тапшырмалар берилет ошол тапшырмалардын, модулдардын негизинде жыйынтык чыгарылат.

Студенттердин билимин баалоо: Жыйынтык баа семестрдин аягында коюлат. Ага чейин студенттин сабакка болгон катышуусу, тапшырмаларды аткаруусу, коомдук иштерге болгон мамилеси эске алынып, модуль, кезектеги көзөмөл жазуу иштери, реферат, дилбаян, баяндама сыяктуу жазуу жумуштары да эске алынат.

Кошумча баллдар сабакка катышканы, тапшырмаларды жана жекече иштерди жакшы аткаргандыгы үчүн берилет.

**Жыйынтык текшерүү – ар бир семестрдин аягындагы сынак**

Жыйынтыктоо сынагы жазуу түрүндө өткөрүлөт.

“5” деген баа 85 - 100 баллга ээ болгон студенттерге,

“4” деген баа 70 - 84 баллга ээ болгондорго,

“3” деген баа 50 - 69 баллга,

“2” деген баа 0 - 49 балл алгандарга коюлат.

***Студенттердин төмөнкү иш-аракеттери колдоого ээ болот:***

- Сабактарда өз ой-пикирлерин билдирүү;
- Окуу ишинде чыгармачылыгы, өзгөчөлүгү;
- Өз алдынча иштөөдө жекечелиги;
- Сабаттуулугун жана жалпы маданият таануусун жогорулатуусу;
- Адептүүлүгү, толеранттуулугу;
- Иштиктүү тилге үйрөнүүгө, кеп маданиятын өстүрүүгө умтулуусу;
- Илимий – изилдөөгө багыттануусу.

***Студенттерге коюлган талаптар:***

1. Сабактарга калбай катышуу.
2. Өз алдынча иштөөсү жана үй тапшырмаларын убагында жана талап кылынган мөөнөттө жана көлөмүндө аткаруу;
3. Сабактарга кечикпей келүү;
4. Сабак учурунда уюлдук телефондорду колдонбоо.

**Студенттерге сынактын алдында кошумча балл (1-10 чейин), же тескерисинче айып баллдар да берилиши мүмкүн**

**Негизги адабияттар:**

1. Адылова Б.К., Алиясова Г.Ж. Кыргыз тил. Б., 1-бөлүк, 2010-ж, 2-бөлүк, 2016-ж
2. Ашырбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы –Б., 2001-ж
3. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили –Б., 1996-ж
4. Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги –Б., 2010-ж
5. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы –Б. 2002-ж
6. Кыргыз орфографиясынын эрежелери. –Б., 2008-ж
7. Токтоналиев К. Кыргыз тили. –Б., 1996-ж
8. Тургамбаева А.С., Усекова А.А. Кыргыз тили –Б., 2004-ж

**Кошумча адабияттар:**

1. А.Акматалиев. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-3т. –Б., 1999-ж
2. Абылкасымова Р., Атышов К., ж.б. Экономика. Энциклопедиялык окуу куралы. –Б.; 2003-ж
3. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. –Б, 2000-ж
4. Асанканов А., Кыргыз тарыхы –Б., 2006-ж
5. АшырбаевТ., Ахматов Т. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. –Б., 2005-ж
6. Жусупов К. Кыргыздардын байыркы маданияты. –Б., 2006-ж
7. Ибраев Э. Тандалган чыгармалар –Б, 1999-ж
8. Карасаев Х.К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. –Б., 2009-ж
9. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. –Б., 2002-ж
10. Кыргыз жергеси энциклопедиясы. –Ф., 1990-ж
11. Кыргыз көркөм адабиятынын сериясы. 30-т. –Б., 2000-ж
12. Кыргыз Республикасынын экономикасы. Котор. Мамажанов А, Рахманкулов К. –Б., КТМУ, 2007-ж
13. Кыргыз энциклопедиясы –Б., 2000-ж